«БЕКИТЕМИН»
Ош Гуманитардык-педагогикалык
институтунун ректору,
п.и.д., профессор К.Б. Зулуев
______________________
______________ 2019-ж.

**Шамырканова Надира Бейшенбековнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары)» аттуу темадагы диссертациялык ишине жетектөөчү мекеме болгон Ош Гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана жекече усулдар кафедрасынын**

# ПИКИРИ

## Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.

Окутуу процесси кылымдар бою мугалимдин аныкталган маалыматты окуучуларга берүү процесси катары түзүлүп келген. Тилекке каршы бул адамзат табиятына таптакыр карама-каршы келет. Мурдагы мектеп билиминде негизги роль ойногон билимге, билгичтикке жана көндүмгө болгон басымды азайтып, бүгүнкү күнү окуучуларды алган билимдерине өз алдынча анализ жүргүзүү, аларды жаңы ситуацияларга колдонуу, ар кандай шарттарда чечимдерди таап, өз алдынча жыйынтык чыгаруу жана жалпылоо билгичтиктерин калыптандырууга үйрөтүү маанилүү. Окутуу процесси билим берүү гана эмес, окуучулардын жекече жөндөмдөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн жана кызыкчылыктарын ишке ашырууга да негизделиши зарыл. Өзүнүн иш-аракети аркылуу гана ар бир адам айлана-чөйрөнү таанып-билет, өзү үчүн белгилүү турмуш шарттарын түзөт, жашоо, өздүк жана кесиптик көйгөйлөрдүн чечимин издейт. Ушундай коюлган талаптарды ишке ашыруунун баскычтарынын бири – окуучулардын өз алдынча иштерин уюштуруу болуп эсептелинет.

Учурда башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштерин уюштуруу маселеси актуалдуу жана кошумча изилдөөлөргө муктаж.

Изденүүчү Шамырканова Надира Бейшенбековна тарабынан аткарылган бул диссертация мына ошол багытта башталгыч класстын мугалимдерине көмөк көрсөтүүчү эмгектин бири. Анткени, буга чейин жалпы орто билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары, кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында окуучулардын өз алдынчалыгын, таанып-билүүчүлүк, чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүүнүн методдору, формалары системалуу түрдө илимий иликтөөгө алынган эмес.

Изденүүчүнүн аракети толук бойдон колдоого аларлык жана диссертация актуалдуу темага жазылган. Биз билдирип жаткан эмгектин актуалдуулугу мына ошол бөксөлүктү толтуруу менен конкреттүү алып караганда окутуу процессинде башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн эң алгачкы жолу ырааттуу жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларга таянып изилдеп чыккандыгы менен бааланат.

**Диссертациянын көлөмү жана түзүлүшү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан жана алардан пайда болгон корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, 10 таблицадан, 8 сүрөттөн жана тиркемелерден турат. Жалпы көлөмү – 165 бет.

Киришүүдө илимий иштин актуалдуулугу көрсөтүлүп, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган. Диссертациянын темасынын илимий уюмдардын жүргүзгөн илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы, изилдөөнүн илимий жаңылыгы, изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык маанилүүлүгү, коргоого коюлуучу диссертациядагы негизги жоболор,изденүүчүнүн жеке салымы, диссертациянын натыйжаларынын илимий басылмаларда толук жарыяланышы жана изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы чагылдырылган.

**Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.**Диссертацияга коюлган талаптын негизинде КР ЖАКтын Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун 2.10. пунктуна ылайык төмөнкү жаңы илимий натыйжалар жана сунуштар алынган:

***1-натыйжа.*** Изденүүчү окутуу процессинде башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу маселесинин педагогикалык теориядагы жана практикадагы абалын, өзгөчөлүктөрүн анын методологиялык негиздерин аныктоо үчүн философиялык, педагогикалык, илимий-методикалык адабияттарды, окуу программаларын, окуу китептерин изилдөөгө алган.

Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча педагогикалык адабияттарды анализдөөнүн негизинде «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсү» түшүнүгүнүн мазмуну такталган.

***2-натыйжа.***Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары тийиштүү изилдөөлөрдүн, анализдөөнүн, жалпылоонун натыйжасында иштелип чыккан жана орто мектептерге сунушталган. Ал шарттар төмөнкүлөр:окуучулардын тапшырманын максатын, анын мазмунун жана аткаруу тартибин түшүнүү билгичтиктеринин болуусу; тапшырманын мазмунунда окуучунун таанып-билүү кызыгуусун ойготкон жана өз алдынча чечүүнү талап кылган, тапшырмага изилдөөчүлүк багыт берген жаңы материалдын камтылышы; окуу китептери менен иштөө сабактагы өз алдынча иштөөнүн башка түрлөрү менен айкалышы, б.а. окутуунун формаларынын, окутуу методдорунун жана ыкмаларынын ар түрдүүлүгү; өз алдынча иштөөнүн системалуу түрдө өткөрүлүүсү; окуучунун өз алдынча иштөөсүнүн бааланышы керектиги.

Ошондой эле башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү окутуунун уюштуруу формалары жана

методдору аныкталган жана сабактын үлгүлөрү иштелип чыгып, мектеп мугалимдерине сунушталган.

***3-натыйжа.***Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык иштин жыйынтыгы окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттарынын натыйжалуулугун тастыктаган.Эксперименталдык иш бир топ жылга созулуп, алынган натыйжалар жетишээрлик ишенимдүү деңгээлде чагылдырылган. Изденүүчү тарабынан башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча конкреттүү сунуштар иштелип чыккан.

Иштин натыйжалары илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Илимий 10 макала жарыяланып, алардын ичинен экөөсү РИНЦ системасында жарыяланган. Ошондуктан, диссертант тарабынан алынган илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар негиздүү болуп эсептелинет жана илимдин аталган багыты үчүн өзгөчө мааниге ээ.

**Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын (жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык даражасы.**

**1-натыйжа. Жаңы** катары кароого болот. Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсү» түшүнүгүнүн мазмуну алгачкы жолу изилденип такталган.

**2-натыйжа. Жаны.**Кыргыз тили,математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары алгач ирет изилденген.

**3-натыйжа. Жаңы.**Кыргызтили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн

уюштуруу боюнча тажрыйбалар жаңы педагогикалык шарттарын эксперимент аркылуу текшерүүнүн негизинде иштелип чыккан методикалык сунуштар автордун изилдөөчүлүк табылгасына таандык.

**Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертациялык изилдөө илимий жана практикалык мааниге ээ болуп эсептелет, анткени алгачкы жолу башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча педагогикалык адабияттар анализге алынып «башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсү» түшүнүгүнүн мазмуну такталды. Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү окутуунун уюштуруу формалары жана методдору аныкталды. Кыргыз тили, математика, мекен таануу сабактарында башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары аныкталып, алардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу тастыкталган.

Иштин тыянактары мектепте башталгыч класстын мугалимдеринин иш-аракетинде, студенттердин педагогикалык практикасында, ЖОЖдо мугалимдерди кесиптик жактан даярдоодо, илимий-методикалык эмгектерди түзүүдө, жазууда салым кошот.

**Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча сунуштар.**Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун негизделгендик жана ишенимдүүлүк даражасы күмөн туудурбайт же шексиз. Алардын жыйындысы педагогика илимин өнүктүрүү үчүн чоң мааниге ээ болот.

**1.** Иште алынган натыйжалар илимий прикладдык жактан жетишээрлик баалуулугу менен мүнөздөлөт. Анткени, башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттарын сунуштоо, билим берүү системасындагы актуалдуу маселелердин бирин чечүүгө өз салымын кошот. Алынган натыйжалар ички биримдикке ээ,

практикалык сунуштар текшерилген, теориялык жоболорго негизделген. Сунушталган иш жалпы орто билим берүүчү мектептердин башталгыч класстарынын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруу боюнча алгылыктуу эмгектерден болуп саналат.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы теманын актуалдуулугунун негизделишине, изилдөөнүн проблемалуулугуна, максаты менен милдеттерине, илимий жаңылыгына, илимий-теориялык жана практикалык маанисинин аныкталышына, коргоого коюлуучу негизги жоболорго, изденүүчүнүн жеке салымына, иштин натыйжаларынын тастыкталышына, диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышынын толуктугуна, изилдөөнүн структурасына толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**Диссертациянын берилиши жана авторефераттагы кезиккен мүчүлүштүктөр.**

Диссертацияда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен бирге айрым бир кемчиликтер орун алган:

1. Диссертацияда эксперимент катары үч мектепти алган, экөөсү Бишкек шаарындагы мектептер, бирөө айылдык мектеп. Бирок экспериментте шаар жана айыл мектеп окуучуларынын өз алдынча иштөөсүнүн деңгээли бөлүнүп көрсөтүлгөн эмес.
2. Айрым изилдөөнүн методологиялык принциптери өтө эле жалпы берилип калган (49-54-бб). Каралып жаткан көйгөйгө ылайыктап принциптерди конкреттештирсе болмок.
3. Текстте грамматикалык жана техникалык мүчүлүштүктөр кездешет.

Бирок, бул кемчиликтер диссертациянын жалпы баалуулугун төмөндөтпөйт.

**КРнын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө, жобонун» 10 п. ылайыктуулугу, критерийлерине иштин жооп бериши (критерийлер тиркелет).**

Шамырканова Надира Бейшенбековнанын «Башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча иштөөсүн уюштуруунун педагогикалык шарттары» аттуу темадагы, 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши актуалдуу темага арналып, теориялык жана практикалык мааниге ээ. Баптардын мазмуну, алынган натыйжалардын берилиши, тажрыйбалык-эксперименттин жүрүшүндө алынган далилдер илимий негизделген.

Иш жеке аткарылып, толук аяктаган эмгек болуп эсептелет. Анын илимий жыйынтыктары жаңылыгы жана ынанымдуулугу менен айырмаланат. Диссертанттын өздүк көз караштары, жоболордун берилиш логикасы, жыйынтыктар жана практикалык сунуштар объективдүү көрсөткүчтөргө таянат.

Диссертациялык иш КРнын ЖАКтын «Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын алууга толук татыктуу.

Расмий пикир Ош Гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана жекече усулдар кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланды. (16-декабрь 2019- жыл, №4 токтому)

Ош Гуманитардык-педагогикалык институтунун
педагогика жана жекече усулдар кафедрасынын
башчысы,п.и.к., доцент И.Даминова.

Катчы,окутуучу: Г.Досматова.

Ош Гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана жекече усулдар кафедрасынын башчысы п.и.к., доцент И. Даминованын колун тастыктаймын.

Ош Гуманитардык-педагогикалык
институтунун окумуштуу катчысы: Ж.Жумаева.